57. При наличии у пациента необходимых анализов из центров семейной медицины/групп семейных врачей, центров общеврачебной практики и направления на стационарное лечение пациент госпитализируется без дублирующего обследования в консультативно-диагностических отделениях стационаров.

58. Плановая госпитализация пациентов проводится с внесением пациентом сооплаты, размер которой дифференцируется в зависимости от прав пациента на льготы, профиля заболевания и оказанной услуги.

59. В зависимости от профиля заболевания и оказанной услуги устанавливаются следующие виды сооплаты:

– сооплата терапевтического профиля;

– сооплата хирургического профиля.

54. Шашылыш көрсөткүчтөр боюнча стационардык жардам өмүргө коркунуч келтирген абалдан чыгарылганга, гемодинамика жана дем алуу көрсөткүчтөрү турукташканга чейин бардык жарандарга акысыз көрсөтүлөт. Андан кийин пациенттер стационарда пландуу дарылоого же амбулаториялык шарттарда дарылоого которулат.

55. Пландуу стационардык жардам пациенттерге ҮМБ/ЖДПБнын, стационарлардын АДБ/КДБсынын, ведомстволук медициналык кызматтардын врачынан госпиталдаштырууга жолдомо болгон учурда көрсөтүлөт. Жолдомо жок болгон учурда пландуу стационардык жардам укуктарынын жана жеңилдиктеринин болушуна, ошондой эле камсыздандыруу статусуна карабастан максималдуу деңгээлдеги кошумча төлөмдү төлөө менен көрсөтүлөт.

56. Пландуу госпиталдаштырууда пациенттин госпиталдаштырууга жолдомосунан тышкары төмөнкүлөр болушу керек:

– инсандыгын күбөлөндүрүүчү жана жеңилдетилген шарттарда медициналык кызмат алууга укугун ырастоочу документтер;

– БМСЖ (ҮМБ/ЖДПБ) уюмдарында же ведомстволук медициналык кызматтарда жүргүзүлгөн лабораториялык-диагностикалык изилдөөлөрдүн жыйынтыктары.

57. Пациентте үй-бүлөлүк медицина борборлорунан/үй-бүлөлүк дарыгерлер топторунан, жалпы дарыгердик практика борборлордон керектүү анализдер жана стационардык дарыланууга жолдомо болгон учурда пациент стационарлардын консультациялык-диагностикалык бөлүмдөрүндө кайталап текшерүүсүз госпиталдаштырылат.

58. Пациенттерди пландуу госпиталдаштыруу пациенттин кошумча төлөмдү төлөөсү менен жүргүзүлөт, анын өлчөмү пациенттин жеңилдиктерге укуктарына, оорунун профилине жана көрсөтүлгөн кызматка жараша дифференцияланат.

59. Оорунун профилине жана көрсөтүлгөн кызматка жараша кошумча төлөмдүн төмөнкүдөй түрлөрү белгиленет:

– терапиялык профилдеги кошумча төлөм;

– хирургиялык профилдеги кошумча төлөм.

Терапиялык профилдеги кошумча төлөмгө төмөнкү медициналык кызмат көрсөтүүлөр теңештирилет:

– саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан бекитилген арзан баадагы хирургиялык жана гинекологиялык операциялардын жана манипуляциялардын тизмеси боюнча операциялар жана манипуляциялар;

– хирургиялык жана гинекологиялык профилдеги бөлүмдөрдө, операциясыз дарылоо.



К соплате терапевтического профиля приравниваются следующие медицинские услуги:

– операции и манипуляции по списку малозатратных хирургических и гинекологических операций и манипуляций, утверждаемому уполномоченным государственным органом в области здравоохранения;

– лечение в отделениях хирургического и гинекологического профиля, без проведения операции.

60. Размер сооплаты при плановом стационарном лечении дифференцируется по уровню организации здравоохранения.

Таблица 3

**Размеры сооплаты при плановом стационарном лечении**

| Виды сооплаты | | | Стационары, за исключением республиканских | Республиканские стационары |
|---|---|---|---|---|
| Сооплата терапевтического профиля | При наличии направления на госпитализацию | Минимальный уровень | 330 | 330 |
| | | Средний уровень | 840 | 1160 |
| | | Максимальный уровень | 8400 | 11170 |
| Сооплата хирургического профиля | При наличии направления на госпитализацию | Минимальный уровень | 430 | 430 |
| | | Средний уровень | 1090 | 1510 |
| | | Максимальный уровень | 9170 | 14310 |

61. Условия предоставления плановой стационарной помощи:

– бесплатно для граждан, указанных в параграфах 2, 3 главы 17 настоящего Порядка, но не более двух плановых госпитализаций в год (за исключением детей в возрасте до 6 лет), при последующих

60. Пландуу стационардык дарыланууда кошумча төлөмдүн өлчөмү саламаттык сактоо уюмунун деңгээли боюнча дифференцияланат.

3-таблица

**Пландуу стационардык дарылоодо кошумча төлөмдүн өлчөмдөрү**

| Кошумча төлөмдүн түрлөрү | | | Республикалык стационарлардан башка стационарлар | Республикалык стационарлар |
|---|---|---|---|---|
| Терапиялык профилдеги кошумча төлөм | Госпиталдаштырууга жолдомо бар болсо | Минималдуу деңгээл | 330 | 330 |
| | | Орточо деңгээл | 840 | 1160 |
| | | Максималдуу деңгээл | 8400 | 11170 |
| Хирургиялык профилдеги кошумча төлөм | Госпиталдаштырууга жолдомо бар болсо | Минималдуу деңгээл | 430 | 430 |
| | | Орточо деңгээл | 1090 | 1510 |
| | | Максималдуу деңгээл | 9170 | 14310 |

61. Пландуу стационардык жардам көрсөтүүнүн шарттары:

– ушул Тартиптин 17-главасынын 2, 3-параграфтарында көрсөтүлгөн жарандар үчүн акысыз, бирок жылына экиден ашык пландуу госпиталдаштырылбайт (6 жашка чейинки курактагы балдарды кошпогондо), кийинки пландуу госпиталдаштырууда оорунун профилине жараша орточо кошумча төлөм төлөнөт;

– оорунун профилине жараша минималдуу деңгээлдеги кошумча төлөмдү төлөө шарты менен төмөнкү жарандарга:

70 жашка чейинки курактагы пенсионерлерге;

ай сайын социалдык жөлөк пул алган адамдарга;



плановых госпитализациях вносится средняя сооплата в зависимости от профиля заболевания;

– с условием внесения сооплаты минимального уровня в зависимости от профиля заболевания следующим гражданам:

пенсионерам в возрасте до 70 лет;

лицам, получающим ежемесячные социальные пособия;

– с условием внесения сооплаты среднего уровня в зависимости от профиля заболевания для граждан, указанных в параграфе 1 главы 17 настоящего Порядка;

– незастрахованные граждане и граждане без направления независимо от наличия прав на льготы вносят сооплату максимального уровня в зависимости от профиля заболевания.

62. При стационарном лечении не допускается взимание дополнительной оплаты за проведение необходимых консультаций, лабораторных и диагностических исследований (за исключением дорогостоящих исследований и манипуляций).

63. Госпитализация женщин, поступающих на роды, с послеродовыми осложнениями, с патологией беременности проводится бесплатно.

64. Лекарственное обеспечение пациентов при стационарном лечении осуществляется организациями здравоохранения в соответствии с клиническими протоколами/клиническими руководствами в рамках Перечня жизненно-важных лекарственных средств. Допускается приобретение дополнительных лекарственных средств и медицинских изделий до 20 процентов от числа генерических лекарственных средств, входящих в Перечень жизненно важных лекарственных средств, в соответствии с профилем и спецификой стационара. Больничный список лекарственных средств и изделий медицинского назначения пересматривается по мере пересмотра Перечня жизненно важных лекарственных средств, утверждается руководителем организации здравоохранения по согласованию с территориальными управлениями Фонда обязательного медицинского страхования при Министерстве здравоохранения Кыргызской Республики.

## Глава 10. Услуги гемодиализа в амбулаторных условиях

65. Услуги гемодиализа для граждан Кыргызской Республики с хронической почечной недостаточностью пятой стадии осуществляются в организациях здравоохранения, независимо от формы собственности, заключивших с уполномоченным государственным органом в области обязательного медицинского страхования договор на предоставление услуг гемодиализа в системе Единого плательщика.

– оорунун профилине жараша орточо деңгээлдеги кошумча төлөмдү төлөө шарты менен ушул Тартиптин 17-главасынын 1-параграфында көрсөтүлгөн жарандар үчүн;

– камсыздандырылбаган жарандар жана жолдомосу жок жарандар жеңилдиктерге укугунун бар экендигине карабастан оорунун профилине жараша максималдуу деңгээлдеги кошумча төлөмдү төлөйт.

62. Стационардык дарылоодо зарыл болгон консультацияларды, лабораториялык жана диагностикалык изилдөөлөрдү (кымбат баалуу изилдөөлөрдү жана манипуляцияларды кошпогондо) жүргүзүү үчүн кошумча төлөмдү алууга жол берилбейт.

63. Төрөткө келген, төрөттөн кийинки кошумча оору менен, кош бойлуулуктун патологиясы менен келген аялдарды госпиталдаштыруу акысыз жүргүзүлөт.

64. Стационардык дарылоодо пациенттерди дары менен камсыздоо Жашоо үчүн маанилүү дары каражаттарынын тизмесинин алкагында клиникалык протоколдорго/клиникалык колдонмолорго ылайык саламаттык сактоо уюмдары тарабынан жүзөгө ашырылат. Стационардын профилине жана өзгөчөлүгүнө ылайык Жашоо үчүн маанилүү дары каражаттарынын тизмесине кирген генерикалык дары каражаттарынын санынын 20 пайызына чейин кошумча дары каражаттарын жана медициналык буюмдарды сатып алууга жол берилет. Дары каражаттарынын жана медициналык багыттагы буюмдардын ооруканалык тизмеси Жашоо үчүн маанилүү дары каражаттарынын тизмесин кайра карап чыгууга жараша кайра каралат, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун аймактык башкармалыктары менен макулдашуу боюнча саламаттык сактоо уюмунун жетекчиси тарабынан бекитилет.

## 10-глава. Амбулаториялык шарттардагы гемодиализ кызматтары

65. Кыргыз Республикасынын бешинчи баскычтагы өнөкөт бөйрөк жетишсиздиги менен ооруган жарандары үчүн гемодиализ кызматтары менчигинин түрүнө карабастан милдеттүү медициналык камсыздандыруу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен Бирдиктүү төлөөчү системасында гемодиализ кызматын көрсөтүүгө келишим түзгөн саламаттык сактоо уюмдарында көрсөтүлөт.

66. Бешинчи баскычтагы өнөкөт бөйрөк жетишсиздиги менен ооруган пациенттер саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда комиссиядан өткөн шартта программалык гемодиализ боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү акысыз алат.



66. Пациенты с хронической почечной недостаточностью пятой стадии получают услуги по программному гемодиализу бесплатно при условии прохождения комиссии в уполномоченном государственном органе в области здравоохранения.

67. Организации здравоохранения, имеющие отделения сосудистой хирургии, проводят формирование артерио-венозной фистулы на бесплатной основе.

## Глава 11. Специализированная психиатрическая помощь

68. Специализированная психиатрическая помощь в амбулаторных условиях предоставляется:

– центрами семейной медицины;

– центрами общеврачебной практики;

– группами семейных врачей;

– центрами психического здоровья.

69. Условия предоставления специализированной психиатрической помощи в амбулаторных условиях АДО/КДО центров психического здоровья:

лабораторно-диагностические исследования и консультативно-лечебная помощь оказываются бесплатно:

– лицам, страдающим психическими расстройствами;

– детям до достижения ими возраста 18 лет;

– военнослужащим, проходящим службу по контракту (офицеры, прапорщики, старшины, сержанты и рядовой состав), и военнослужащим срочной службы;

– воинам-интернационалистам, ставшим инвалидами вследствие несения военной службы;

– участникам и лицам, ставшим инвалидами вследствие ликвидации последствий аварии на Чернобыльской атомной электростанции;

– лицам, проходящим первичное психиатрическое освидетельствование, первичную судебно-психиатрическую экспертизу, первичную судебно-психологическую и первичную судебно-психолого-психиатрическую экспертизу по решению судебных или следственных органов;

– лицам, ставшим жертвой торговли людьми;

– лицам, получающим ежемесячные социальные пособия.

Остальным категориям лиц, а также лицам, проходящим повторное психиатрическое освидетельствование, повторную судебно-психиатрическую экспертизу, повторную судебно-психологическую и повторную судебно-психолого-психиатрическую экспертизу по решению судебных или следственных органов, лабораторно-диагностические исследования и консультативно-лечебная помощь

67. Кан тамыр хирургиясы бөлүмдөрү бар саламаттык сактоо уюмдары артериялык-веноздук фистуланы акысыз негизде түзөт.

## 11-глава. Адистештирилген психиатриялык жардам

68. Амбулаториялык шартта адистештирилген психиатриялык жардам төмөнкүлөр тарабынан көрсөтүлөт:

– үй-бүлөлүк медицина борборлору;

– жалпы дарыгердик практикалык борборлор;

– үй-бүлөлүк дарыгерлер топтору;

– психикалык ден соолук борборлору.

69. Психикалык ден соолук борборлорунун АДБ/КДБсында амбулаториялык шарттарда адистештирилген психиатриялык жардам көрсөтүүнүн шарттары:

лабораториялык-диагностикалык изилдөөлөр жана консультациялык-дарылоочу жардам төмөнкүлөргө акысыз көрсөтүлөт:

– психикасынын бузулуусу менен жабыркаган адамдарга;

– балдарга 18 жашка толгонго чейин;

– контракт боюнча кызмат өтөгөн аскер кызматчыларына (офицерлер, прапорщиктер, старшиналар, сержанттар жана катардагы курам) жана мөөнөттүү кызматтын аскер кызматчыларына;

– аскердик кызмат өтөөнүн натыйжасында майып болгон интернационалист аскерлерге;

– Чернобыль атомдук электростанциясындагы авариянын кесепеттерин жоюунун катышуучуларына жана анын натыйжасында майып болгондорго;

– сот же тергөө органдарынын чечими боюнча баштапкы психиатриялык күбөлөндүрүүдөн, баштапкы соттук-психиатриялык экспертизадан, баштапкы соттук-психологиялык жана баштапкы соттук-психологиялык-психиатриялык экспертизадан өтүп жаткан адамдарга;

– адамдарды сатуунун курмандыгы болгон адамдарга;

– ай сайын социалдык жөлөкпул алган адамдарга.

Адамдардын калган категорияларына, ошондой эле сот же тергөө органдарынын чечими боюнча кайрадан психиатриялык күбөлөндүрүүдөн, кайрадан соттук-психиатриялык экспертизадан, кайрадан соттук-психологиялык жана кайрадан соттук-психологиялык-психиатриялык экспертизадан өтүп жаткан адамдарга лабораториялык-диагностикалык изилдөөлөр жана консультативдик-дарылоо жардамы баалардын прейскуранты боюнча медициналык кызматтардын толук наркын төлөө менен көрсөтүлөт.

70. Стационардык шарттарда адистештирилген психиатриялык жардам психикалык ден соолук борборлору тарабынан көрсөтүлөт.



предоставляются с оплатой полной стоимости медицинских услуг по прейскуранту цен.

70. Специализированная психиатрическая помощь в стационарных условиях предоставляется центрами психического здоровья.

71. Условия предоставления стационарной специализированной психиатрической помощи:

– госпитализация пациентов, страдающих психическими заболеваниями, проводится бесплатно;

– госпитализация пациентов в отделения психосоматики и наркологии проводится с внесением сооплаты терапевтического профиля. Размеры сооплаты, дифференцируемые в зависимости от наличия прав на льготы, приведены в пункте 60 настоящего Порядка.

## Глава 12. Специализированная онкологическая и гематологическая помощь

72. Специализированная онкологическая и гематологическая помощь в амбулаторных условиях предоставляется:

– центрами семейной медицины;

– группами семейных врачей;

– центрами общеврачебной практики;

– организациями здравоохранения, оказывающими специализированную онкологическую и гематологическую помощь.

73. В ЦСМ/ЦОВП устанавливается диспансерное наблюдение за больными:

– онкологическими заболеваниями;

– острыми и хроническими лейкозами;

– гемофилией;

– злокачественными лимфомами, в том числе лимфогранулематозом;

– апластической анемией;

– миелодиспластическими синдромами.

74. Диспансерное наблюдение включает:

– оценку состояния пациента, сбор жалоб и анамнеза, физикальное исследование, назначение и оценку лабораторных и инструментальных исследований;

– установление или уточнение диагноза заболевания;

– оценку приверженности лечению и эффективности ранее назначенного лечения, необходимую коррекцию проводимого лечения, а также повышение мотивации пациента к лечению;

– проведение краткого профилактического консультирования и разъяснение лицу с высоким риском развития угрожающего жизни заболевания или состояния (группы заболеваний или состояний) или их

71. Стационардык адистештирилген психиатриялык жардам көрсөтүүнүн шарттары:

– психикалык оорулар менен жабыркаган пациенттерди госпиталдаштыруу акысыз жүргүзүлөт;

– пациенттерди психосоматика жана наркология бөлүмдөрүнө госпиталдаштыруу терапиялык профилдеги кошумча төлөмдү төлөө менен жүргүзүлөт. Жеңилдиктерге укуктардын болушуна жараша дифференцияланган кошумча төлөмдөрдүн өлчөмдөрү ушул Тартиптин 60-пунктунда берилген.

## 12-глава. Адистештирилген онкологиялык жана гематологиялык жардам

72. Амбулаториялык шарттарда адистештирилген онкологиялык жана гематологиялык жардам төмөнкүлөр тарабынан көрсөтүлөт:

– үй-бүлөлүк медицина борборлору;

– үй-бүлөлүк дарыгерлер топтору;

– жалпы дарыгердик практика борборлору;

– адистештирилген онкологиялык жана гематологиялык жардам көрсөткөн саламаттык сактоо уюмдары.

73. ҮМБ/ЖДПБларда төмөнкү оорулар менен ооругандарга диспансердик байкоо жүргүзүү белгиленет:

– онкологиялык оорулар менен;

– катуу кармаган жана өнөкөт лейкоздор менен;

– гемофилия менен;

– залалдуу лимфомалар менен, анын ичинде лимфогранулематоз менен;

– апластиялык анемия менен;

– миелодисиластикалык синдромдор менен.

74. Диспансердик байкоо жүргүзүү төмөнкүлөрдү камтыйт:

– пациенттин абалын баалоону, даттанууларды жана анамнезди чогултууну, физикалык изилдөөнү, лабораториялык жана аспаптык изилдөөлөрдү дайындоону жана баалоону;

– оорунун диагнозун аныктоону же тактоону;

– дарылоону кармануну жана мурда дайындалган дарылоонун натыйжалуулугун баалоону, жүргүзүлүп жаткан дарылоону зарыл болгон түзөтүүнү, ошондой эле пациенттин дарыланууга умтулуусун жогорулатууну;

– өмүрүнө коркунуч келтирген оорунун же абалдын же кошумча ооруларынын (оорулардын же абалдардын тобунун) өөрчүп кетүү коркунучу жогору болгон адамга, ошондой эле аны менен чогуу жашаган адамдарга оорунун өөрчүп кетүүсүндө иш-аракеттерди жана



осложнения, а также лицам, совместно с ним проживающим, действий при их развитии и необходимости своевременного вызова скорой медицинской помощи;

– назначение по медицинским показаниям дополнительных профилактических, диагностических, лечебных и реабилитационных мероприятий, в том числе направление пациента в медицинскую организацию, оказывающую специализированную, в том числе высокотехнологичную медицинскую помощь.

75. Диспансерное наблюдение оказывается бесплатно.

76. В организациях здравоохранения, оказывающих специализированную онкологическую и гематологическую помощь, лабораторно-диагностические исследования и консультативно-лечебная помощь предоставляются специалистами клинико-диагностических отделений.

77. Условия предоставления специализированных лабораторно-диагностических исследований и консультативно-лечебной помощи:

1) бесплатно:

– лицам, состоящим на учете;

– детям до достижения ими возраста 18 лет;

– участникам и инвалидам Великой Отечественной войны, блокадникам Ленинграда, несовершеннолетним узникам концлагерей;

– военнослужащим, проходящим службу по контракту (офицеры, прапорщики, старшины, сержанты и рядовой состав), и военнослужащим срочной службы;

– воинам-интернационалистам, ставшим инвалидами вследствие несения военной службы;

– участникам и лицам, ставшим инвалидами вследствие ликвидации последствий аварии на Чернобыльской атомной электростанции;

– лицам, получающим ежемесячные пособия, имеющим детей до 16 лет, – «үй-бүлөгө көмөк»;

– лицам с ограниченными возможностями здоровья и инвалидностью I группы вследствие трудового увечья, профессионального или общего заболевания;

– лицам, ставшим жертвой торговли людьми;

– больным острыми и хроническими лейкозами;

– больным гемофилией;

– больным злокачественными лимфомами, в том числе лимфогранулематозом;

– больным апластической анемией;

– больным миелодиспластическими синдромами.

Остальным категориям лиц лабораторно-диагностические исследования и консультативно-лечебная помощь предоставляются с оплатой полной стоимости медицинских услуг по Прейскуранту цен,

медициналык тез жардамды өз убагында чакыруу зарылдыгын кыскача профилактикалык консультация берүү жана түшүндүрүү;

– медициналык көрсөткүчтөр боюнча кошумча профилактикалык, диагностикалык, дарылоо жана реабилитациялык иш-чараларды дайындоо, анын ичинде пациентти адистештирилген, анын ичинде жогорку технологиялык медициналык жардам көрсөтүүчү медициналык уюмга жөнөтүү.

75. Диспансердик байкоо акысыз жүргүзүлөт.

76. Адистештирилген онкологиялык жана гематологиялык жардам көрсөтүүчү саламаттык сактоо уюмдарында лабораториялык-диагностикалык изилдөөлөр жана консультациялык-дарылоочу жардам клиникалык-диагностикалык бөлүмдөрдүн адистери тарабынан көрсөтүлөт.

77. Адистештирилген лабораториялык-диагностикалык изилдөөлөрдү жана консультациялык-дарылоочу жардамды көрсөтүүнүн шарттары:

1) акысыз:

– каттоодо турган адамдарга;

– балдарга 18 жашка толгонго чейин;

– Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучуларына жана майыптарына, Ленинград блокадачыларына, концлагерлердин жашы жете элек туткундарына;

– контракт менен кызмат өтөгөн аскер кызматчыларына (офицерлер, прапорщиктер, старшиналар, сержанттар жана катардагы курам) жана мөөнөттүү кызматтын аскер кызматчыларына;

– аскердик кызмат өтөөнүн натыйжасында майып болгон интернационалист аскерлерге;

– Чернобыль атомдук электр станциясындагы авариянын кесепеттерин жоюунун катышуучуларына жана анын натыйжасында майып болгондорго;

– 16 жашка чейинки балдары бар, ай сайын «үй-бүлөгө көмөк» жөлөкпулун алган адамдарга;

– ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү жана эмгектик жабыр тартуунун, кесиптик же жалпы оорунун кесепетинен I топтогу майыптыгы бар адамдарга;

– адамдарды сатуунун курмандыгы болгон адамдарга;

– курч кармаган жана өнөкөт лейкоз менен ооругандарга;

– гемофилия менен ооругандарга;

– залалдуу лимфомалар, анын ичинде лимфогранулематоз менен ооругандарга;

– апластиялык анемия менен ооругандарга;

– миелодиспластикалык синдромдор менен ооругандарга.

Калган категориядагы адамдарга лабораториялык-диагностикалык изилдөөлөр жана консультациялык-дарылоочу



утвержденному уполномоченным государственным органом в области здравоохранения по согласованию с уполномоченным государственным органом по антимонопольной политике.

78. Плановая специализированная онкологическая помощь в стационарных условиях предоставляется организациями здравоохранения, оказывающими специализированную онкологическую помощь:

1) бесплатно:

– детям до достижения ими возраста 18 лет;

– участникам и инвалидам Великой Отечественной войны, блокадникам Ленинграда, несовершеннолетним узникам концлагерей;

– воинам-интернационалистам, ставшим инвалидами вследствие несения военной службы;

– участникам и лицам, ставшим инвалидами вследствие ликвидации последствий аварии на Чернобыльской атомной электростанции;

– лицам, нуждающимся в проведении повторной операции и повторного лучевого лечения в течение 12 месяцев;

– лицам, ставшим жертвой торговли людьми;

– военнослужащим срочной службы;

2) с условием внесения сооплаты минимального уровня:

– пенсионерам и ветеранам труда старше 70 лет;

– лицам с ограниченными возможностями здоровья с детства;

– лицам, получающим ежемесячные пособия, имеющим детей до 16 лет, – «үй-бүлөгө көмөк»;

– лицам с ограниченными возможностями здоровья и инвалидностью I группы вследствие трудового увечья, профессионального или общего заболевания;

3) с условием внесения сооплаты среднего уровня:

– гражданам, застрахованным по обязательному медицинскому страхованию;

– военнослужащим, проходящим службу по контракту (офицеры, прапорщики, старшины, сержанты и рядовой состав).

Остальным категориям лиц плановая специализированная онкологическая помощь предоставляется с условием внесения сооплаты максимального уровня.

79. Размеры сооплаты, дифференцируемые в зависимости от наличия прав на льготы, профиля заболевания, вида услуги, оказанной в условиях стационара, приведены в таблице 4. В зависимости от профиля заболевания и оказанной услуги устанавливаются:

– сооплата терапевтического профиля;

– сооплата хирургического профиля.

80. При стационарном лечении сооплата не взимается с больных, находящихся на лечении в отделениях химиотерапии и паллиативной

жардам монополияга каршы саясат боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуу боюнча саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан бекитилген Баалардын прейскуранты боюнча медициналык кызматтын толук наркын төлөө менен көрсөтүлөт.

78. Стационардык шарттарда пландуу адистештирилген онкологиялык жардам адистештирилген онкологиялык жардам көрсөтүүчү саламаттык сактоо уюмдары тарабынан көрсөтүлөт:

1) акысыз:

– балдарга 18 жашка толгонго чейин;

– Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучуларына жана майыптарына, Ленинград блокадачыларына, концлагерлердин жашы жете элек туткундарына;

– аскердик кызмат өтөөнүн натыйжасында майып болгон интернационалист аскерлерге;

– Чернобыль атомдук электр станциясындагы авариянын кесепеттерин жоюунун катышуучуларына жана анын натыйжасында майып болгондорго;

– 12 айдын ичинде кайрадан операция жүргүзүүгө жана кайрадан нур менен дарылоого муктаж болгон адамдарга;

– адам сатуунун курмандыгы болгон адамдарга;

– мөөнөттүү кызматтын аскер кызматчыларына;

2) минималдуу деңгээлдеги кошумча төлөмдү төлөө шарты менен:

– 70 жаштан ашкан пенсионерлерге жана эмгек ардагерлерине;

– бала чагынан ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдарга;

– 16 жашка чейинки балдары бар, ай сайын «үй-бүлөгө көмөк» жөлөкпулун алуучу адамдарга;

– ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү жана эмгектик жабыр тартуунун, кесиптик же жалпы оорунун кесепетинен I топтогу майыптыгы бар адамдарга;

3) орточо деңгээлдеги кошумча төлөмдү төлөө шарты менен:

– милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча камсыздандырылган жарандарга;

– контракт боюнча кызмат өтөгөн аскер кызматчыларына (офицерлер, прапорщиктер, старшиналар, сержанттар жана катардагы курам).

Калган категориядагы адамдарга пландуу адистештирилген онкологиялык жардам максималдуу деңгээлдеги кошумча төлөмдү төлөө шарты менен көрсөтүлөт.

79. Жеңилдиктерге укуктарынын болушуна, оорунун профилине, стационардык шартта көрсөтүлгөн кызматтын түрүнө жараша дифференцияланууучу кошумча төлөмдүн өлчөмдөрү



помощи, а также с пациентов, получающих химиотерапию и лучевую терапию в дневном стационаре.

Таблица 4

**Уровень сооплаты**
**в организациях здравоохранения, оказывающих специализированную онкологическую помощь**

| № | Профиль | Виды сооплаты | Размер сооплаты при лечении в стационаре (в сомах) | Размер сооплаты при лечении в дневном стационаре, кроме химио- и лучевой терапии (в сомах) |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Терапевтический | Минимальный уровень | 1093 | 546 |
| | | Средний уровень | 4198 | 2099 |
| | | Максимальный уровень | 21530 | 3306 |
| 2. | Хирургический | Минимальный уровень | 3188 | 1596 |
| | | Средний уровень | 12220 | 3055 |
| | | Максимальный уровень | 28120 | 4810 |

81. При стационарном лечении не допускается взимание дополнительной оплаты за проведение необходимых консультаций, лабораторных и диагностических исследований, лучевой терапии.

82. Приобретение химиопрепаратов для онкологических больных осуществляется за счет средств республиканского бюджета, средств обязательного медицинского страхования и других источников финансирования, не противоречащих законодательству Кыргызской Республики.

83. Плановая специализированная гематологическая помощь в стационарных условиях предоставляется организациями

4-таблицада берилген. Оорунун профилине жана көрсөтүлгөн кызматка жараша төмөнкүлөр белгиленет:

– терапиялык профилдеги кошумча төлөм;

– хирургиялык профилдеги кошумча төлөм.

80. Стационардык дарылоодо химиялык терапия жана паллиативдик жардам бөлүмдөрүндө дарылануудагы оорулуулардан, ошондой эле күндүзгү стационарда химиялык терапия жана нур терапиясын алып жаткан пациенттерден кошумча төлөм алынбайт.

4-таблица

**Адистештирилген онкологиялык жардам көрсөтүүчү саламаттык сактоо уюмдарында кошумча төлөмдүн деңгээли**

| № | Профили | Кошумча төлөмдүн түрлөрү | Стационарда дарылanууда кошумча төлөмдүн өлчөмү (сом менен) | Химия жана нур терапиясынан тышкары күндүзгү стационарда дарылануда кошумча төлөмдүн өлчөмү (сом менен) |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Терапиялык | Минималдуу деңгээл | 1093 | 546 |
| | | Орточо деңгээл | 4198 | 2099 |
| | | Максималдуу деңгээл | 21530 | 3306 |
| 2. | Хирургиялык | Минималдуу деңгээл | 3188 | 1596 |
| | | Орточо деңгээл | 12220 | 3055 |
| | | Максималдуу деңгээл | 28120 | 4810 |

81. Стационардык дарылоодо зарыл болгон консультацияларды, лабораториялык жана диагностикалык изилдөөлөрдү, нур терапиясын жүргүзүү үчүн кошумча төлөм алууга жол берилбейт.

82. Онкологиялык оорулуулар үчүн химиялык препараттарды сатып алуу республикалык бюджеттин каражаттарынын, милдеттүү медициналык камсыздандыруу каражаттарынын жана Кыргыз



здравоохранения, оказывающими специализированную гематологическую помощь:

1) бесплатно:

– больным острыми и хроническими лейкозами;

– больным гемофилией;

– больным злокачественными лимфомами, в том числе лимфогранулематозом;

– больным апластической анемией;

– больным миелодиспластическими синдромами;

– участникам и инвалидам Великой Отечественной войны, блокадникам Ленинграда, несовершеннолетним узникам концлагерей;

– воинам-интернационалистам, ставшим инвалидами вследствие несения военной службы;

– участникам и лицам, ставшим инвалидами вследствие ликвидации последствий аварии на Чернобыльской атомной электростанции;

– военнослужащим срочной службы;

2) с условием внесения соолпаты минимального уровня:

– детям (до 18 лет) лиц, пострадавших вследствие аварии на Чернобыльской атомной электростанции;

– пенсионерам и ветеранам труда старше 70 лет;

– лицам с ограниченными возможностями здоровья с детства;

– лицам, получающим ежемесячные социальные пособия;

3) с условием внесения сооплаты среднего уровня:

– гражданам, застрахованным по обязательному медицинскому страхованию;

– военнослужащим, проходящим службу по контракту (офицеры, прапорщики, старшины, сержанты и рядовой состав);

Остальным категориям лиц плановая специализированная онкологическая помощь предоставляется с условием сооплаты максимального уровня.

Таблица 5

**Размеры сооплаты за гематологические услуги в условиях стационара**

| № | Виды сооплаты | Размер сооплаты в стационаре (в сомах) |
|---|---|---|
| 1. | Минимальный уровень | 330 |
| 2. | Средний уровень | 1190 |
| 3. | Максимальный уровень | 26200 |

Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген каржылоонун башка булактарынын эсебинен жүргүзүлөт.

83. Стационардык шартта план боюнча адистештирилген гематологиялык жардам адистештирилген гематологиялык жардам көрсөтүүчү саламаттык сактоо уюмдары тарабынан төмөнкүдөй көрсөтүлөт:

1) акысыз:

– катуу кармаган жана өнөкөт лейкоз менен ооругандарга;

– гемофилия менен ооругандарга;

– залалдуу лимфомалар, анын ичинде лимфогранулематоз менен ооругандарга;

– апластиялык анемия менен ооругандарга;

– миелодиспластикалык синдромдор менен ооругандарга;

– Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучуларына жана майыптарына, Ленинград блокадачыларына, концлагерлердин жашы жете элек туткундарына;

– аскердик кызмат өтөөнүн натыйжасында майып болгон интернационалист аскерлерге;

– Чернобыль атомдук электр станциясындагы авариянын кесепеттерин жоюунун катышуучуларына жана анын натыйжасында майып болгондорго;

– мөөнөттүү кызматтын аскер кызматчыларына;

2) минималдуу деңгээлдеги кошумча төлөмдү төлөө шарты менен:

– Чернобыль атомдук электр станциясындагы авариянын кесепетинен жабыр тарткан адамдардын балдарына (18 жашка чейинки);

– 70 жаштан ашкан пенсионерлерге жана эмгек ардагерлерине;

– бала чагынан ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдарга;

– ай сайын социалдык жөлөкпул алган адамдарга;

3) орточо деңгээлдеги кошумча төлөмдү төлөө шарты менен:

– милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча камсыздандырылган жарандарга;

– контракт боюнча кызмат өтөгөн аскер кызматчыларына (офицерлер, прапорщиктер, старшиналар, сержанттар жана катардагы курам).

Калган категориядагы адамдарга пландуу адистештирилген онкологиялык жардам максималдуу деңгээлдеги кошумча төлөмдү төлөө шарты менен көрсөтүлөт.



## Глава 13. Паллиативная помощь

84. Паллиативная помощь оказывается инкурабельным больным в терминальной стадии заболевания (пограничное состояние между жизнью и смертью), имеющим существенно ограниченные физические или психические возможности и нуждающимся в интенсивной симптоматической терапии, психосоциальной помощи, длительном постороннем уходе, в организациях здравоохранения независимо от форм собственности.

85. Порядок оказания паллиативной помощи устанавливается уполномоченным государственным органом Кыргызской Республики в области здравоохранения.

## Глава 14. Специализированная кардиохирургическая помощь в амбулаторных условиях и на стационарном уровне

### § 1. Специализированная кардиохирургическая помощь в АДО/КДО стационаров

86. Плановая специализированная кардиохирургическая помощь в амбулаторных условиях оказывается гражданам специалистами АДО/КДО организации здравоохранения при наличии показаний до направления на госпитализацию.

87. Плановые лабораторно-диагностические манипуляции, консультативно-лечебные услуги при условии необходимости госпитализации в стационар предоставляются за счет средств консолидированного бюджета организации здравоохранения, проводившей обследования, предоставляющей специализированную медицинскую кардиохирургическую помощь:

1) бесплатно, но не более двух плановых обследований в год:

– детям до 1 года при состояниях, требующих кардиохирургической помощи по жизненным показаниям;

– детям-сиротам, проживающим в государственных детских домах, семейных детских домах (приемных семьях), домах-интернатах для детей-сирот и детей, оставшихся без попечения родителей;

– лицам, проживающим в домах интернатах для престарелых и лиц с ограниченными возможностями здоровья;

– беременным женщинам и женщинам в течении 10 недель после родов при состояниях, требующих кардиохирургической помощи по жизненным показаниям;

2) в размере 50 процентов от стоимости услуги специализированной медицинской кардиохирургической помощи по прейскуранту, но не более двух плановых обследований в год:

5-таблица

**Стационардын шартында гематологиялык кызматтар үчүн кошумча төлөмдүн өлчөмдөрү**

| № | Кошумча төлөмдүн түрлөрү | Стационардагы кошумча төлөмдүн өлчөмү (сом менен) |
|---|---|---|
| 1. | Минималдуу деңгээл | 330 |
| 2. | Орточо деңгээл | 1190 |
| 3. | Максималдуу деңгээл | 26200 |

## 13-глава. Паллиативдик жардам

84. Паллиативдик жардам менчигинин түрүнө карабастан саламаттык сактоо уюмдарында оорунун терминалдык баскычындагы (өмүр менен өлүмдүн ортосундагы абал) дене-бой же психикалык мүмкүнчүлүктөрү кыйла чектелген жана интенсивдүү симптоматикалык терапияга, психосоциалдык жардамга, узак мөөнөттүү башка бирөөнүн багуусуна муктаж болгон инкурабелдик оорулууларга көрсөтүлөт.

85. Паллиативдик жардам көрсөтүүнүн тартиби Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан белгиленет.

## 14-глава. Амбулаториялык шарттарда жана стационардык деңгээлде адистештирилген кардиохирургиялык жардам көрсөтүү

### § 1. Стационарлардын АДБ/КДБсында адистештирилген кардиохирургиялык жардам көрсөтүү

86. Амбулаториялык шарттарда пландуу адистештирилген кардиохирургиялык жардам жарандарга эгерде көрсөткүчтөр болгон учурда госпиталдаштырууга жиберилгенге чейин саламаттык сактоо уюмунун АДБ/КДБ адистери тарабынан көрсөтүлөт.

87. Пландуу лабораториялык-диагностикалык манипуляциялар, консультативдик-дарылоо кызматтары стационарга госпиталдаштыруу зарыл болгон шартта изилдөө жүргүзгөн адистештирилген медициналык кардиохирургиялык жардам көрсөтүүчү саламаттык сактоо уюмунун консолидацияланган бюджетинин каражаттарынын эсебинен көрсөтүлөт:

1) акысыз, бирок жылына эки жолу пландуу изилдөөдөн ашык эмес:

– жашоо көрсөткүчтөрү боюнча кардиохирургиялык жардамды талап кылган абалдарда 1 жашка чейинки балдарга;



– лицам, пострадавшим вследствие аварии на Чернобыльской АЭС;

– лицам с синдромом Дауна;

– лицам с ограниченными возможностями здоровья с установленной инвалидностью 1 группы;

– лицам с детским церебральным параличом;

– лицам, нуждающимся в проведении повторной операции на сердце, при возникновении осложнений после ранее перенесенной операции (не позднее 3-х месяцев).

Остальным категориям граждан плановая специализированная медицинская кардиохирургическая помощь предоставляется с условием внесения полной стоимости оплаты медицинской услуги по Прейскуранту цен.

### § 2. Специализированная медицинская кардиохирургическая помощь на стационарном уровне

88. Плановая специализированная кардиохирургическая помощь на стационарном уровне оказывается организациями здравоохранения, предоставляющими специализированную медицинскую кардиохирургическую помощь, и предоставляется гражданам на льготных условиях согласно перечню категорий граждан, указанных в пункте 87 настоящего Порядка.

89. Условия предоставления плановой специализированной кардиохирургической помощи на стационарном уровне:

1) бесплатно:

– детям до 6 лет при состояниях, требующих кардиохирургической помощи по жизненным показаниям;

– детям-сиротам, проживающим в государственных детских домах, семейных детских домах (приемных семьях), домах-интернатах для детей-сирот и детей, оставшихся без попечения родителей;

– лицам, проживающим в домах-интернатах для престарелых и лиц с ограниченными возможностями здоровья;

– детям до 18 лет с синдромом Дауна;

– детям до 18 лет с детским церебральным параличом;

– лицам с ограниченными возможностями здоровья с установленной инвалидностью I группы;

– беременным женщинам и женщинам в течение 10 недель после родов при состояниях, требующих кардиохирургической помощи по жизненным показаниям;

– детям из малообеспеченных семей в возрасте до 16 лет, обучающимся в образовательных организациях, до окончания ими обучения, но не более чем до достижения ими возраста 18 лет, при предъявлении справки из органов социального развития;

– мамлекеттик балдар үйлөрүндө, үй-бүлөлүк балдар үйлөрүндө (багып алган үй-бүлөлөрдө), жетим балдар жана ата-энесинин камкордугунан ажыраган балдар үчүн жатак үйлөрдө жашаган жетим балдарга;

– карылар жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдар үчүн интернат үйлөрүндө жашаган адамдарга;

– кош бойлуу аялдарга жана төрөттөн кийинки 10 жуманын ичинде жашоо көрсөткүчтөрү боюнча кардиохирургиялык жардамды талап кылган абалдарда;

2) прейскурант боюнча адистештирилген медициналык кардиохирургиялык жардам кызматынын наркынын 50 пайызы өлчөмүндө төлөө менен, бирок жылына эки пландуу текшерүүдөн ашык эмес:

